9. **Ташкулова, Ш.Б.** Философический смысл кыргызских узоров [Текст] / Ш. Б. Ташкулова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2019. – №2. - С. 133 – 137.

Поступила в редакцию: 25.12.2023 г.

**УДК:947.1/9:342.54(09) (575.2)**

***Зулпуева Р.Ж.***
*к.и.н., доц. Ошского госуд. педагог. универ., Кыргызская Республика*
***Анарбекова В.Э.***
*к.и.н., доц. Центрально-Азиатского Межд. мед. универ, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ЖАРАНДЫК КООМУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ ЖАНА КАЛЫПТАНЫШЫ

*Изилдөөнүн предмети болуп кыргыз жарандык коомунун теориялык негиздерине антикалык мезгилден, азыркы учурга чейинки окумуштуулардын илимий теорияларына анализ берүү. Изилдөөнүн максаты - Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптанышында илимий теориялык процесстердеги өнүгүү этаптарына тарыхый баа берүү. Изилдөөдө негизинен салыштырма усулдар колдонулду, ошонун негизинде кыргыз жарандык коомунун калыптанышы боюнча жыйынтыктарга ээ болууга шарт түзүлдү. Жыйынтыкка жетишүү үчүн илимий баалуулуктардын маанисин грек жана рим ойчулдарынын илимий аныктамаларын, орто кылымдардагы ойчулдардын эмгектерин жана жаңы доордогу жазуучу жана саясий ишмер Никколо Макиавеллинин тыянактарына тарыхый сереп жасалды. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси жогорку окуу жайларда илимий кызматкерлерге,мектептерде окуучулардын жарандык активдүүлүгүн жогоорулатууга илимий-усулдук жактан колдонууга өбөлгө боло алат.Жогорудагы теманы изилдөөнүн перспективалык жагы азыркы учурдагы жарандык коомдун илимий түшүнүктөрүн, жарандык коом боюнча теорияларды жана гипотезаларды, кыргыз жарандык коомунун калыптанышынын теориялык негиздерине тарыхый сереп берүү менен Кыргыз Республикасындагы жарандык коомдун ролун жогорулатууга, мамлекет менен биргеликте иш алып барууга негиз болууга мүмкүнчүлүк берет.*

***Негизги сөздөр:*** *полития; этика; жарандык коом; полис; корпорациялар; утопиялык социализм; суверендүүлүк; трактат.*

## ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ И ФОРМИРОВАНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ГРАЖДАНСКОГО ОБЩЕСТВА

*В данной работе предметом исследования является анализ теоретических основ кыргызского гражданского общества от античности до современных научных теорий ученых. Цель исследования - историческая оценка этапов развития в научно-теоретических процессах формирования гражданского общества в Кыргызстане. В исследовании в основном использовались сравнительные методы, на основе которых были получены результаты по формированию кыргызского гражданского общества. Чтобы прийти к выводу, был сделан исторический обзор научных определений греческих и римских мыслителей значения научных ценностей, работ средневековых мыслителей и выводов Никколо Макиавелли, писателя и политического деятеля нового времени. Практическая значимость полученных результатов может способствовать научным сотрудникам в высших учебных заведениях, научно-методическому применению в школах повышения гражданской активности учащихся. Перспективным аспектом изучения вышеуказанной темы является изучение современных научных концепций гражданского общества, предоставление теорий и гипотез по гражданскому обществу, исторического обзора теоретических основ формирования кыргызского гражданского общества позволит повысить роль гражданского общества в Кыргызской Республике, основы для совместной работы с государством.*

***Ключевые слова:*** *политика; этика; гражданское общество; политика; корпорации; утопический социализм; суверенитет; трактат.*

# THEORETICAL FOUNDATIONS AND FORMATION OF THE KYRGYZ CIVIL SOCIETY

*The subject of the study is the analysis of the theoretical foundations of Kyrgyz civil society from antiquity to modern scientific theories of scientists. The purpose of the study historical assessment of the stages of development in the scientific and theoretical processes of the formation of civil society in Kyrgyzstan. The study mainly used comparative methods, based on which the results of the formation of the Kyrgyz civil society were obtained. To come to a conclusion, a historical review was made of the scientific definitions of the Greek and Roman thinkers of the meaning of scientific values, the works of medieval thinkers, and the conclusions of Niccolo Machiavelli, a writer and politician of modern times. The practical significance of the results obtained can contribute to researchers in higher educational institutions, and scientific and methodological application in schools to increase the civic engagement of students. A promising aspect of studying the above topic is the study of modern scientific concepts of civil society., providing theories and hypotheses on civil society, a historical overview of the theoretical foundations of the formation of the Kyrgyz civil society will enhance the role of civil society in the Kyrgyz Republic, become the basis for joint work with the state.*

***Key words:*** *politics, ethics, civil society, politics, corporations, utopian socialism, sovereignty, treatise.*

Жарандык коом жөнүндө алгачкы түшүнүктөр байыркы грек жана рим ойчулдарынын эмгектеринде эле жолугары маалым. Байыркы грециялык ойчул Платон (б.э.ч. 428-348-жж.) жарандык коомдун идеалы катары Спартаны эсептеп, бирок, жарандык коом менен мамлекетти бөлүп караган эмес. Бул эки түшүнүктү ал бир беткей коом - полис катары түшүнгөн.

Ал эми Аристотель (б.э.ч. 384-322-жж.) болсо, улуу муундагы өзүнүн окутуучусу Платондун окуусун улантып, Афина шаар-мамлекетинин жана Македониянын мисалында бир катар теориялык пикирлерди айткан. Ал "Полития" жана "Этика" деген эмгектеринде мамлекеттик башкаруу институттары, үй-бүлө, коомдук чарба жана руханий-маданий уюмдарды да талдаган. Бирок, теориялык жактан ал баары бир Платондун пикиринде калган да, жарандык коом менен мамлекетти бирдей эле тегиздиктеги түшүнүк катары кабылдап келген [1].

Рим ойчулу Марк Туллий Цицерон (б.э.ч. 106-43-жж.) мамлекет жөнүндөгү грек окумуштууларынын пикирлерин кайталап, бирок алардан айырмаланып, мамлекет жарандык коомдон түздөн-түз келип чыкпайт, ал элдин ишеним көрсөтө турган кандайдыр бир уюмга болгон зарылдыктан пайда болот, негизги максаты жарандардын мүлктүк жана укуктук кызыкчылыктарын коргоо болуп саналышы керек деп эсептеген.

Орто кылымдарда өзүн-өзү башкарууга өткөн коммуналар, соода гильдиялары, кол өнөрчүлүк корпорациялар, саясий, диний жана руханий маанидеги коомдор жана уюмдар түзүлгөн. Бирок алар субъект катары “жарандык коом” түшүнүгүнө киргени менен, конкреттүү аныктама берилген эмес. Ошентсе да орто кылымдык ойчулдар: IV кылымда Түндүк Африкадан чыккан христиан тарыхынын негиз салуучусу Аврелий Августиндин, XIV кылымда жашаган италиялык теолог жана философ Ф.М.Аквинскийдин жана башкалардын чыгармаларында жарандык коом тууралуу пикирлер айтылгандыгын белгилөөгө болот.

XVII-XVIII кылымдардан башталган жаңы доордо гана италиялык ойчул, философ, жазуучу жана саясий ишмер Никколо Макиавелли (1469-1527) өзүнүн мамлекеттик башчылар жөнүндөгү чыгармаларында, Италиялык философ жана жазуучу, утопиялык социализмдин алгачкы өкүлү Т. Кампанелла (1568-1639) аталган утопиялык “коомунизмдин жашоосун” сүрөттөгөн “Күн шаары” деген китебинде жарандык коом жөнүндө аздыр көптүр так ойлорду айта башташкан.

Ал эми кеч орто кылымдардагы европалык ойчулдар тарыхый фактыларга негизделген аныктамаларды бере башташкан. Антикалык мезгилдеги “жаран”, “жарандуулук”,

“мамлекеттүүлүк”, “саясат” түшүнүктөрүнө жаңы, конкреттүү түшүндүрмөлөр менен камтылган илимий чыгармаларды жазышкан. Алардын ичинде нидерландиялык ойчул Гуго Гроций (1583-1645-жж.) өзүнүн 1620-жылдары жазылган "Согуш жана тынчтык укуктары” аттуу трактатында адам коому мамлекеттик түзүлүшкө табигый өнүгүү эволюциясынын натыйжасында гана өтөт, мындай “теңсиздик абалга” келүү менен жарандар мамлекеттик уюм менен келишим түзүүгө мажбур болушат деп жазып, ал “мамлекет менен жарандык коомдун келишими” деген теорияга негиз салган.

Кийинчерээк жарандык коом жөнүндө окуунун өнүгүшү либералдык мүнөздөгү пикирлер менен коштолуп, ойчулдар Т. Гоббс менен Дж. Локк “жарандык коом” бул адамдардын табигый өнүгүүсүндөгү сапаттык өзгөрүү, цивилизациялык көрүнүш экендигин жазган. Англиялык саясий ойчул Томас Гоббс (1588-1679) "Жаран жөнүндө” аттуу эмгегинде күчтүү жана бирдиктүү мамлекетсиз жарандар жакшы жашай албайт деген тыянакка келген. Ал эми Джон Локк (1632-1704-жж.) “мамлекеттик үстөмдүккө негизделген бийликти” абсолютташтырып, натыйжада “жарандык коомду” жокко чыгарган. Ал коомдо эң жогорку суверендүүлүк деп мамлекеттик эмес институттары жакшы иштеген коомдуу атап, мамлекет убактылуу гана субъект катары таанылат деп түшүнгөн.

Француз ойчулу Ш.Л. Монтескье (1689-1755) өзүнүн «Мыйзамдардын маңызы жөнүндө” деген чыгармасында жарандык коом менен бийликти бөлүштүрүү керек, жарандык коом өзүнүн жарандык мыйзамдары менен, ал эми мамлекет болсо өзүнүн саясий мыйзамдары менен жашап турушат, мыйзамдардын эки түрү тең зарыл, эгер бирөөсү жок болсо анда коом баш-аламандыкка тушугат деп эсептеген. Коомдук келишим теориясын андан ары улап дагы бир француз ойчулу Ж.Ж. Руссо (1712-1778-жж.) элдик суверенитет жана демократия жөнүндө окуусун түзүп чыккан. Мында ал демократия жолу менен гана жашоого мүмкүн деген тыянакка келген.

XVIII кылымдын ичинде жана XIX кылымдын башталышында бир катар европалык жана америкалык коомдук илимдердин өкүлдөрү жарандык коом менен мамлекеттин арасындагы мамилени изилдей башташкан. Алардын арасынан көрүнүктүүлөрүнүн бири немец агартуучусу Вильгельм Гумбольдт (1767-1835) өзүнүн "Мамлекеттин ишмердигинин чектерин аныктоо тажрыйбасы” деген эмгегинде мамлекет сөзсүз түрдө куралышы зарыл эмес, ал тек гана адамдардын укуктарын, жарандардын кызыкчылыктарын камсыз кылып туруучу каражат катары кызмат кылат деп эсептеген [4].

XVIII кылымдын акырындагы жана XIX кылымдын башындагы европалык, америкалык жана кай бир азиялык мамлекеттердин тажрыйбасы жогор жакта айтылган ойчулдардын пикирлерин ырастады. 200 жыл чамалуу созулган евразия тарыхында кубаттуу мамлекеттик бийлик менен жарандык өз алдынча башкаруу консенсуска келмейинче коомдук жашоо бузула берери далилденди. Азыркы заманбап демократиялык өлкөлөр ушул тарыхый тажрыйбанын акыбети болду деген тыянак туура деп ойлойбуз.

XVIII-XIX кылымдарда “мамлекет”, “өлкө”, “үй-бүлө”, “уруу”, “урук”, “эл”, “улут” жана башка түшүнүктөр менен бирге эле “жарандык коом” түшүнүгү коомдук өнүгүүнүн белгилүү бир баскычы катары философиялык, жана башка коомдук илимдердин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн негизги изилдөө предмети болуп калган. Алардын ичинде “жарандык коом” түшүнүгүнө алгачкы аныктама бергендердин бири Иммануил Кант (1724-1804) болгон. И.Канттын ою боюнча жарандык коом төмөнкү белгилерден куралат: 1. Адамдын коомдун бир мүчөсү катары эркин болушу; 2. Анын өлкөнүн атуулу катары башкалар менен тең укуктуулугу; 3.Коомдун мүчөсү катары адамдын атуулдук өз алдынчалыгы. И.Кант адамдар эркиндикке жетүү үчүн жанындагы башкалардын эркиндигин жана укуктарын да сыйлашы,

камсыздашы керек. Мына ошондо гана жалпы укуктук жана жарандык макулдашууну калыптандырууга болот деген.

Классикалык философиянын белгилүү корифейлеринин бири, немец идеалист-философу Георг Вильгельм Фридрих Гегелдин(Hegel) (1780-1831) “Укуктун философиясы” аттуу эмгегинде алгачкылардан болуп жарандык коомго туура аныктама берилген. Анын пикиринде жеке адамдар (индивиддер) үй-бүлөгө биригишет, ал эми алардын жыйындысы жарандык коомду пайда кылат. Бирок, жарандык коом али мамлекет эмес. Жарандык коомдун негизги максаты - жеке адамдардын материалдык жана руханий кызыкчылыктарын сактоо. Так ушундан буржуазиялык эгоисттик дух, мүнөз келип чыгып, кичине өлкөлөрдө мамлекет менен жарандык коом чогуу, бири-бирин толуктап жашайт. Ошентип, жарандык коомдо үстөмдүк кылган буржуазиялык эгоизм мамлекетке каршы туруп калат. Ф.Гегелдин жарандык коом түшүнүгүн мамлекеттен өз алдынча жашаган жеке адамдардын кызыкчылыгынын алкагындагы көрүнүш катары сүрөттөгөн пикири, коомдук түзүлүштүн эмгекти бөлүштүрүүдөн жана менчик түрлөрүнө карата көз карандылыкта турат деген окуусу коомдук илимдеги эң орчундуу ачылыш болгон.

Жарандык коомду изилдөөдө XIX кылымдын көрүнүктүү ойчулдары К.Маркс менен Ф.Энгельстин чыгармалары, айрыкча "Немецтик идеология", "Саясий экономиканы аңдоого алгы сөз”, "Гегелдин укуктук философиясына сын-пикир" аттуу эмгектери баалуу. Аларда Ф.Гегелдин мамлекетти жарандык коомдун үстүндөгү нерсе катары көрсөткөн көз карашын сындап, жарандык коом менен мамлекеттин алакасы таптык мүнөздө болоору жөнүндө теория иштелип чыккан. 1846-жылы 28-декабрда П.В.Анненковго жазган катында К.Маркс тигил же бул жарандык коомду алгылачы, ал ошол коомго ылайыкталган саясий түзүлүш, ошол жарандык коомдун расмий чагылышы катары жашап турат деген. Мунусу менен К.Маркс Ф.Гегелден алдыга кетсе да, таптык күрөштү абсолютташтырып жиберип, анысы аша чапкандык болгондугун да моюнга алышыбыз керек.

Орус тарыхында жарандык коомду теориялык жактан изилдөө батыш коомдук илиминин деңгээлине жеткен эмес. Анын башкы себеби, орус мамлекетинин орто кылымдардан XX кылымга чейинки өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү болгон. Албетте, орус тарыхында жарандык коомдун түрүнө окшогон көрүнүштөрдү басып өткөндүгүн моюнга алышыбыз керек. Маселен орто кылымдардагы Улуу Новгороддук жашоо (новгороддук вече демократиясы), Дондогу, Кубандагы казак-орус эркиндиги, XVI - XVII кылымдардын чектеринде болуп өткөн орус баш-аламандык доору (смута) кезиндеги земстволук староста Кузьма Мининдин 1611-1612-жылдарда карапайым элди көтөрүп, Москваны поляк-жалган “дмитрийлерден” сактап калышы, XX к. башындагы земстволук кыймыл жана “Земстволук-конституционалисттеринин союзунун”, “Эркиндикке чыгуу союзунун”, “Беседа” кыймылынын түзүлүшү, 1864-жылкы сот реформасы жана анын мыйзам алдында баары тең болуу, бийликти административдик жана соттук деп бөлүштүрүү, сот процессиндеги акыйкаттык жана ачыктык принциптеринин киргизилиши сыяктуу окуялар болгон.

Жарандык коомдун теориясы жөнүндө кеп кылганда орус саясатчысы, философ, славянофиль жана коммунисттердин каршылашы И.А.Ильинди(1883-1954) айтпай кетүүгө болбойт. Анын пикирлери кийин XX кылымдагы орус консерватизминин ири өкүлүнө айланганА.Солженицын сыяктуу ойчулдарга чоң таасирин тийгизген. И.А.Ильин китептеринде укуктук мамлекет менен тоталитардык мамлекеттин айырмасын так көрсөтө алган, монархия менен республиканын алгылыктуу жактарын да, кемчиликтерин да аныктай алган [2].

Лениндик теориялардын ичинде эң чечүүчүсү “жумушчу, дыйкан жана солдат депутаттарынын Советтеринин, кийин жалпы эле Советтердин бийликти ээлеши” жөнүндөгү идея эле. Так ушул принциптин негизинде 1917-1991-жылдарга чейинки СССР деп аталган зор советтик-тоталитардык империя жашап келгендигин баарыбыз билебиз. Экинчи чечүүчү маселе мамлекетти башкарууга бир гана коммунисттик партиянын укуктуу болушу болгон. Так ушул экинчи маселенин кесепетинен “маданий революциянын”, “массалык жамаатташтыруунун (колхоздоштуруунун)”, “сталиндик” деп аталып калган массалык репрессиялардын”, “социализмди толук жана биротоло жеңүү” деген теориянын алкагындагы “магдыроо жана сенектик” абалдын кесепеттери келип чыккандыгынын жыйынтыгында советтик-тоталитардык режимде жашаган Совет мамлекетинин кулашына да күбөбүз.

В.И.Ленин саясаттан кеткенден кийин, И.Сталиндин мезгилинде жарандык коомдун мындай алгачкы бүчүрлөрү таптакыр көз жаздымында калган. Лениндик “жаңы экономикалык саясаттын” айрым принциптери 1985-90-жылдардагы горбачевдик “кайра куруу”, “айкындык” мезгилинде колдонууга аракет болгону менен, ал эгемендүүлүктүн башталышына чейин аягына чыгарылган жок.

Ошентип, советтик доордо “жарандык коом” деген термин орду-түбү менен жок кылынган. Анын үстүнө бул терминдин “Burgerliche Geselschaft” деген немисче аталышын которгондо “жарандык коом” эмес “буржуазиялык коом” деген түшүнүктү берет экен. Ошондуктан ал түшүнүк “социалисттик коом” деген түшүнүккө кескин карама-каршы түшүнүк деп саналган. Чынында, кесиптик (профсоюздук) бирикме, комсомол, кооперация, чыгармачылык бирикмелер, ДОСААФ сыяктуу уюмдар жарандык коомдун базасын түзмөк. Бирок, алар коммунисттик идеологияга толук баш ийдирилип калган. Ал эми “адам”, “жаран” советтик-тоталитардык машинанын жөнөкөй гана “тетиги” катары эсептелинген. Албетте, советтик доордо деле Баш мыйзам кабыл алынып, анда адам укугу, демократия, эркиндик, теңдик деген түшүнүктөр көп колдонулган. Бирок, мамлекет өлкөнүн жарандарынын жеке кызыкчылыгын эмес, пролетардык диктатуранын гана кызыкчылыгын камсыз кылып, советтик-тоталитардык идеологиянын чүмбөтүндө жашоого туура келген.

Жарандык коом жөнүндө эки кылымдан бери изилденип келе жаткан чыгармалардын көз караштарына таянып, жарандык коом жөнүндө бир катар жыйынтыктарды берели.

Жарандык коомдук уюмдарды реалдуу турмушта ар түрдүү аташат. Аны атоодо төмөнкү беш компонет түшүнүк камтылып турат. Алар: жарандардын коомдук иштерге аралашууга укук берген коомдук компонент, жарандык коомдун ичинде гана иш жүргүзгөн уюмдарга колдонулуучу жарандык компонент, өзүнүн менчигине ээ жана коммерциялык эмес ишкердүүлүктү жүргүзүүгө укук берүүчү, бирок табылган кирешени уставдык максат үчүн гана пайдаланган уюмдарга карата колдонулуучу экономикалык компонент, мамлекеттен көз карандысыз, коммерцияга аралашпаган уюмдарга колдонулуучу саясий компонент, уюмдардын эркин жана ыктыярдуу негизде жарандар тарабынан түзүлгөндүгүн билдирген модалдык компонент [3].

Бир катар өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда да башка түшүнүктөрдүн арасында кеңири колдонушу жагынан экинчи орунда “өкмөттүк эмес уюм” (ӨЭУ, орусчасы НПО) түшүнүгү турат. Бул түшүнүккө КРнын мыйзамдарында аныктама берилген эмес, андыктан бул түшүнүк мыйзамдык түшүнүк эмес. Бирок, эл аралык тажрыйбада бул түшүнүктүн аныктамасы жана чен-өлчөмдөрү бар. Алар беш критерийден турат: 1) институционалдуулук - уюм юридикалык тарап катары каттоодон өтүшү зарыл жана анын коомго пайдалуу экендиги таанылган болушу керек; 2) мамлекеттен көз карандысыздык, бирок алардын өкүлдөрү мамлекеттик органдардын курамына кириши да мүмкүн; 3) өз алдынча башкаруу; 4) киреше

бөлүштүрбөө, башкача айтканда уюмдун мүчөлөрү табылган кирешени бөлүштүрүүгө укуксуз; 5) ыктыярдуулук. Ошентип ӨЭУлар коомго пайдалуу, жогорку критерийлердин негизинде, саясий иштерге аралашпаган, кесиптик коошун же диний уюм болуп саналбаган КӨУлардын бир түрү болуп саналышат [2].

“Коммерциялык эмес уюм (КЭУ)” түшүнүгүнө киреше табууга багытталбаган уюмдар, коомдук уюмдар, өкмөттүк эмес уюмдар, кайрымдуулук уюмдары, жамааттык уюмдар, үчүнчү сектордун уюмдары кирет [2]. Булар ишкердик жүргүзүүгө деле укуктуу, бирок табылган кирешени өзүнүн түзүлүү максаттарына жетүү үчүн гана пайдаланышы керек. КЭУлардын үч негизги белгиси бар. Алар: а) ыктыярдуулук; б) өзүн-өзү башкарган; коомго пайдалуу ишти жүргүзгөн же мүчөлөрүнүн пайдасы үчүн түзүлгөн. Акыркы белгисине карата КЭУлар “коомго пайдалуу” жана “өз ара пайдалуу” болуп бөлүнүшөт. Коомго пайдалуу КЭУлар коомдук бирикмелер, фонддор, жекече мекеме, юридикалык жактардын бирикмелери (ассоциация), жамааттык уюмдар түрүндө уюштурулушу мүмкүн.

Бул уюмдардын түзүлүүсүнө, жашоосуна мамлекет жакшы шарт түзүп, кээде колдоп да турушу шарт. Маселен, алардын гранттык, сүрөөнчүлүк, материалдык колдоо жолдору менен алган каражаттары мамлекеттик салыктардан бошотулушу каралган. Өз ара пайдалуу КЭУлар уюмдун мүчөлөрүнүн кызыкчылыгын канааттандыруу үчүн түзүлөт. Маселен, турак жай ээлеринин шериктештиктери (кондоминиумдар), турак-үйлөрдү, дачаларды биргелешип башкаруу үчүн түзүлгөн кооперативдер, кредит бирикмелери, кесиптик кошундар, жумуш берүүчүлөр бирикмеси, суу пайдалануучулардын ассоцияциясы, филателисттер коому, автосүйүүчүлөр бирикмеси, балык кармоочулардын коому жана башка болушат.

АКШдагы саясий илимдери боюнча дүйнөгө таанымал окумуштуу, Стэнфорд университетинин профессору Филипп Шмиттердин Калифорния университинде 1993-жылы жасаган “Реконфигурация государства в обществе” аттуу баяндамасында жарандык коом демократияны жаратпайт, бирок коомду демократиянын айланасына бириктире алат деп көрсөтөт. Ф.Шмиттин аныктамасы боюнча жарандык коом өз алдынча уюшулган же өзүнөн-өзү пайда болгон мамлекет менен коомдун ортосунда турган топтордун аракеттеринин жыйындысы катары саналат.

Азыркы мезгилде жарандык коомго карата окумуштуулардын эки топтогу көз караштары калыптанган:

а) Либералдык-демократиялык. Мында эркиндик баалуулуктардын эң жогоркусу болуп, ал эми жарандык коом жеке инсандардын мамлекеттик бийликтен коргоочу структурасы катары эсептелет. Бул көз караште жактоочулар жарандык коомдун эң башкы идеалы катары мамлекеттик аппараттын жарандардын жана социалдык институттардын эркиндигине басымы болбогон абалды түшүнүшөт;

б) Социал-демократиялык. Мында жарандык коом бардык коомдук жашоонун, атүгүл саясий жашоонун да өзөгү катары таанылат, бийлик органдарын коомчулук өзү эле түзө алат деп эсептешет. Бирок, тең салмактуулукту сактап туруу үчүн мамлекет айрым учурларда жарандык коомдун жашоосуна киришүүгө укуктуу, бирок, аны эгер демократияга коркунуч келсе, ошондой чукул учурларда гана колдонулушу мүмкүн деп санашат [1].

Жогорку эки топтогу көз караштын түпкү мааниси негизинен окшош эле, бирок биринчисинде жарандык коомго приоритет берилип, экинчисинде мамлекет менен жарандык коомду тең салмакта карайт. Бул эки көз карашты бириктирип, жарандык коомдун бир нече критерийин тапса болот. Маселен:

Жарандык коом - бул адам коомунун өнүгүүсүнүн белгилүү бир баскычындагы ыктыярдуу уюшулган экономикалык, саясий, социалдык жана руханий сфералардагы мамлекеттик эмес уюмдар;

Жарандык коом - бул мамлекеттик эмес мүнөздөгү экономикалык, саясий, үй-бүлөлүк, улуттук, руханий, диний, баам-парасаттык жана башка мамилелердин жыйындысы;

Жарандык коом - бул мамлекеттик бийликтердин тикеден-тике киришүүсүнөн атайын мыйзамдар менен корголгон жеке инсандардын жана ыктыярдуу уюшулган уюмдардын, коомдордун жана жарандардын ассоциацияларынын айдыңы.

Жарандык коом жөнүндө кыргыз саясат таануучуларынын да аныктамалары бар. Мисалы, алар жарандык коомду "конституциялык укук теориясынын алкагында турган, экономика, маданият жана башка коомдук жашоо чөйрөсүндө адамдардын турмуш шартын камсыздандырган, социалдык топтордун, инсандын түрдүү кызыкчылыктарын, талаптарын канааттандырган жана ишке ашырган формалдуу жана формалдуу эмес, мамлекетке көз карандысыз жана аны менен бирге жашоочу коомдук турмуштун өзгөчө чөйрөсү, коомдук мамилелердин жыйындысы" катары карашат.

## Жыйынтыктар:

1. Жарандык коом деп мамлекеттик эмес жана саясий эмес жеке инсандык, үй-бүлөлүк, социалдык, маданий, баам-парасаттык, экономикалык жана башка салыштырмалуу өз алдынчалыкта жашап, автономдуулукка ээ болуу менен мамлекеттин адаттан тыш кирише берүүсүнөн камсыздалган мамилелердин жыйындысы белгиленет;

2. "Жарандык коом" деген нагыз аталышка татыктуу болгон коом деп качан гана адамдардын коомдук жашоосунун бардык, айталы: экономикалык, саясий, социалдык жана руханий чөйрөсүндө оптималдуу тең салмагын орнотсо, коомдун жалпы өнүгүшү тынымсыз алдыга кетип, жашоо жакшырып турса жарандык коомдун иштиктүүлүгү алгылыктуу боло алары анык.

## Адабияттар тизмеси:


1. **Асанканов, А.А.** История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней) [Текст] / А.А.Асанканов. - Бишкек: ОАО Эркин-Тоо, 2009.
2. **Бейшеналиев, Ш.** Кычан: Повесть [Текст] / Ш. Бейшеналиев. - Ф.: Кыргызокуупед мамбас, 195 6.
3. **Биримкулов, Д.К.** Неправительственные организации - основной элемент гражданского общества [Текст] / Д.К.Биримкулов // Гражданское общество и НКО Кыргызстана: взгляд изнутри. - Бишкек: Интербилим, 2005.
4. **Мурзакулова, А.Дж.** Кыргызстан: жаран жана мамлекет [Текст]: студенттер үчүн окуу китеби / жооптуу ред. П.И.Дятленко, Г.Т.Кулсариева. - Бишкек: ST.art LTD, 2013.
5. Мыйзам жаратуу процессинде жарандык коом уюмдары менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын кызматташуусун жакшыртуу. Бишкек-Братислава, 2009.
6. http://www.vak.kg/referat/.ref070002_79.zip.1977 Койчуманова. Ч.С. Автореферат.docx
7. http://inkg.info/news/pravozashchitniki/2220-fridom-khaus-boretsya-s-pytkami-v- kyrgyzstane.
8. http://www.knews.kg/ru/society/16283.
9. http://www.inkg.info/dokumenty/otchety/1598-obobshchenie-praktiki-dostupa-k-informatsiinakhodyashchejsya-v-vedenii- gosudarst


Поступила в редакцию: 26.12.2023 г.